**Таирова Калбүбү Акматжановнанын «Кыргыз жазуучуларынын көркөм чыгармалары аркылуу окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоо» деген темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына расмий оппоненттик**

**пикир**

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** XXI кылымда жалпы дүйнө элдери анын ичинде кыргыз коому саясий, экологиялык, маалыматтык адеп ахлактык коопсуздуктарга кептелип андан чыгуунун амалын издөө үстүндө аракеттерди жасоодо. Арийне, адамзат өзүнүн акылы менен жасалган бул проблемалардын ар бири коркунучтуу. Бирок, катастрофалардын эң коркунучтуусу бул жаштар арасында өз мекенин жерип, тагдыр келечегин башка мамлекеттерде жашоо менен байланыштыруу аракеттеринин ачык байкалып туруктуу тенденцияга айланып бара жатышы.

Кыргыз коомундагы бул кырдаалды экономикага байланыштуу убактылуу көрүнүш катары кабылдап олуттуу маани бербей келе жатканыбыз менен бүтүндөй бир муундун көпчүлүгү өз келечегин чет өлкөдөн издеп ошол мамлекеттердин жарандыгын алууну негизги максат катары кабылдап жаткандыктарын ачуу чындык катары кабылдоого аргасыз болуудабыз.
Дүйнө элдеринин тарыхый тажрыйбалары адам жана мекен маселеси жалгыз эле экономикалык эмес, саясий идеологиялык, руханий - адептик факторлор менен аныкталуучу баалуулук экендиги нечен ирет тастыкталган өрнөктөргө бай. Демек, кыргыз коомунда окуучу жаштардын мекенге карата изги сезимдерин, ыймандык керектөөлөрүн, бекем ынаным түшүнүктөрүн, көндүм менен билгичтикке айланган жүрүм-турумун калыптандыруу багытында олуттуу ой чабыт жасап, реалдуу педагогикалык иш чараларды жүзөгө ашыруу өтө зарыл жана актуалдуу маселе катары ортого чыгып олтурат. Ушундан улам Таирова Калбүбү Акматжановнанын *«Кыргыз жазуучуларынын көркөм чыгармалары аркылуу окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоо»* деген темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин коомдук жана илимий талаптардын чегиндеги актуалдуу изилдөө катары кароого болот. Диссертациялык изилдөө адамдарды туулган жер, эл журттуу сүйүү коргоого моралдык психологиялык жактан даярдоонун байыртан сыноодон өтүп келген каражаты болгон көркөм сөз үлгүлөрүн, адабияттын педагогикалык потенциалын жандандырууга багытталганы менен баалуу. Иликтөөгө алынган проблема көп кырдуу категориялардын чегинде тургандыктан автор тарабынан адабият таануу жана тарбия теориясы боюнча көптөгөн эмгектер талдоого алынып алардын рационалдуу идеялары илимий этиканын эрежелерине ылайык орундуу жетекчиликке алынган. Мындай иш аракет изилдөөнүн проблемасын, стратегиясын, илимий аппаратын тагыраак айкындоого мүмкүнчүлүк берген.

Изилдөөнүн предмети жана максатына негизденип анын милдеттерин коюлган проблеманын рационалдуу аспектери менен байланышта аныктай алган. Изилдөөнүн илимий аппаратынын бардык компоненттеринин ортосундагы ички логикалык биримдик сакталган.

2. **Диссертациялык изилдөөнүн натыйжасында изденүүчүнүн өзү тарабынан алынган натыйжалар.**

1 **- натыйжа.** Диссертацияда көркөм адабият аркылуу мектеп окуучуларын мекенчилдикке тарбиялоонун теориялык негиздерин, социалдык педагогикалык өбөлгөлөрү алгач ирет аныкталган. Изилдөөчү диссертациянын 1-главасынын 9-33 беттеринде көптөгөн дисциплиналар аралык изилдөөлөргө таянуу менен көркөм адабият балдарды мекен жана мекенчилдиктин идеалдары менен эмоционалдык сезим туйгуларын жандандырып өздөрүнүн мекен алдындагы атуулдук парзына, социалдык ролуна карата рефлекциясын жаратуу мүмкүнчүлүгүнө ээ экендигин ишенимдүү далилдей алган.

2 **–натыйжа** Кыргыздын акын жазуучуларынын мектептин адабият сабагында орун алган көркөм чыгармаларындагы мекенчилдикке тарбиялоо мотивдери типтештирилип, азыркы тарбиялоо процесси үчүн баалуулугу ачылып көрсөтүлгөн. (2.1. 39-71б.б.).

3 **–натыйжа.** Окуучуларды кыргыз акын–жазуучуларынын көркөм чыгармалары аркылуу мекенчилдикке тарбиялоонун принциптерин, этаптарын, методдорун, ыкмаларын ичине алган модели иштелип чыгып, анын педагогикалык шарттары аныкталган. (2.3. 71-93б.б.)

4 **–натыйжа.** Диссертациянын 3-главасында теориялык жактан негизделген педагогикалык шарттардын, практикалык - технологиялык каражаттардын эффективдүүлүгү эксперимент аркылуу текшерилип практикалык сунуштар иштелип чыккан.

3. **Диссертацияда аныкталган изденүүчүнүн ар бир илимий натыйжасынын, таянактарынын жана корутундусунун негизделгендиги жана ишенимдүүлүк даражасы.**

Изилдөөдөн келип чыккан теориялык тыянактардын ишенимдүүлүгү тиешелүү методологиялык жоболордун жана методдордун жетекчиликке алынышы аркылуу камсыздалган. Коргоого коюлган диссертация илимий натыйжаларга жетүү жолундагы автордун изилдөөчүлүк ишмердүүлүгүн жана өздүк салымын тастыктай алат.

**1-натыйжа.** Көркөм адабият менен педагогиканын карым катышы аркылуу мектеп окуучуларын мекенчилдикке тарбиялоонун теориялык негиздери, социалдык педагогикалык өбөлгөлөрү, дисциплиналар аралык көп кырдуу илимий маалыматтардын негизинде талдоого алынып, автордук позиция менен бекемделген.

**2- натыйжа.** Кыргыздын акын жазуучуларынын мектептин адабият сабагында орун алган көркөм чыгармаларындагы мекенчилдикке тарбиялоо мотивдери

илимий жана педагогикалык чындыктын көркөм таанып-билүүчүлүктүн методдорун өз ара айкалышта колдонулгандыгы аркылуу ишенимдүү айкындалган.

**3-натыйжа.** Окуучуларды кыргыз акын–жазуучуларынын көркөм чыгармалары аркылуу мекенчилдикке тарбиялоонун педагогикалык модели жана аны ишке ашыруунун педагогикалык шарттары мектептин таалим-тарбия процессии уюштурууга байланыштуу көптөгөн типтүү кубулуштарды салыштырып, типтештирип талдоо жана корутундулоо аркылуу айкындалган.

**4- натыйжа.** Көркөм адабий чыгармалар аркылуу окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоо боюнча педагогикалык сунуштар автордун өзүнүн катышуусунда өткөрүлгөн эксперименталдык тажрыйба иштеринин натыйжасында иштелип чыккан.

**4. Диссертацияда аныкталган изденүүчүнүн ар бир илимий натыйжасынын (жобосунун), тыянактарынын жана корутундусунун жаңылык даражасы.**

1- **натыйжа.** *Салыштырмалуу жаңы.* Көркөм адабият менен педагогиканын карым катышы, тектештиги, мектеп окуучуларын мекенчилдикке тарбиялоодогу адабий чыгармалардын функциялары тууралуу мурдагы аргументтер жана көз караштар автордук ой корутундулар менен толукталып такталган.

2- **натыйжа.** *Жаңы.* Кыргыз жазуучуларынын чыгармаларындагы мекенчилдикке тарбиялоо багытындагы педагогикалык мотивдер ырааттуу ачылып көрсөтүлүп жаңы илимий билим катары тариздelген.

3- **натыйжа.** *Жаңы.* Окуучуларды кыргыз жазуучуларынын чыгармалары аркылуу мекенчилдикке тарбиялоонун модели жана шарттары алгач ирет аныкталган.

4- **натыйжа.** *Жаңы,* сунуш кылынган теориялык жоболор жана практикалык сунуштардын натыйжалуулугу педагогикалык экспериментте өз алдынча текшерилип жаңы натыйжалар алынган. (3.1., 3.2.)

**5. Изилдөөнүн натыйжаларынын практикалык баалуулуулугу төмөндөгүлөр менен аныкталат:**

Изилдөөнүн натыйжалары көркөм адабияттагы тарбиялык идеялар менен педагогикалык билимдердин ортосундагы орток жана айрымалуу жактарын таануу жана андан ары изилдөөгө жол ачышы мүмкүн. Эксперименталдык тажрыйба аркылуу тастыкталган педагогикалык модел жана шарттарды жалпы билим берүүчү мектептердин массалык тажрыйбасында тикеден – тике жетекчиликке алууга болот. Мугалим тарбиячыларды окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоодо кыргыз жазуучуларынын көркөм чыгармаларын пайдаланууга даярдоо боюнча сынактан өткөрүлгөн методикалык билимдер менен камсыз кылат.

6. **Алынган натыйжалардын ички биримдигин жана тиешелүү актуалдуу проблеманы, теориялык жана прикладдык милдетти чечүүгө багытталгандыгын баалоо.**

Изденүүчү Таирова Калбүбү Акматжановнанын «Кыргыз жазуучуларынын көркөм чыгармалары аркылуу окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоо” аттуу темадагы диссертациясында көрсөтүлгөн натыйжалар мектеп окуучуларын тарбиялоону теориялык жана методикалык жактан камсыздоодо

өз ордун таба алат. Алынган натыйжалар белгилүү өлчөмдө ички биримдикке жана логикалык ырааттуулукка ээ. Диссертация белгиленген проблема боюнча жана бир катар жаңы илимий таанымдык натыйжаларды камтыйт.

7. **Диссертациянын негизги натыйжаларынын, жыйынтыктарынын, корутундуларынын толук жарыяланышы.**

Изилдөөнүн багыты боюнча бардыгы 8 макала жарыяланган. Автордун илимий илимий-методикалык эмгектеринде изилдөөнүн бардык компоненттерине таандык натыйжалар камтылган. Айрыкча формулданган теориялык жоболорду ошондой эле практикалык рекомендацияларды камтыган макалалар басымдуулук кылат. Макалалардын дээрлик бардыгы Кыргыз Республикасынын ЖАКы сунуш кылган басылмаларда жарыяланган.

8. **Авторефераттын мазмунунун диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Автореферат диссертациянын мазмунуна, андагы коюлган изилдөөнүн максатына, милдеттерине толугу менен дал келет. Авторефераттын кыргыз, орус, англис тилдериндеги резюмелери бири бирине идентүү.

9. **Диссертация жана авторефераттын мазмунундагы айрым бир мүчүлүштүктөр катары төмөнкүлөрдү атап кетүүгө болот:**

1. Биз диссертацияда изилдөөнүн базалык түшүнүктөрүн өзгөчө мекенчилдикке тарбиялоо боюнча вариативдүү көз караштарды анализдөөгө өзгөчө маани берилгенин колдойбуз. Бул жагдай изилдөөнүн илимий таанымдык баалуулугун арттырып турат. Ошону менен бирдикте алар коргоого коюлган жоболор менен корутундуда да жеткиликтүү орун тапса жакшы болоор эле деп эсептейбиз.
2. Изилдөөдөгү өзөктүү педагогикалык шарттардын бири адабият сабактарында окутуу жана тарбиялоо методдорунун өз ара айкалышын камсыз кылуу. Биздин пикирибизде бул шартты теориялык жана практикалык жактан негиздөө дагы тереңирээк ишке ашырылса изилдөөнүн пайдалуулук коэфицинти баалуулугу артмак. Анткени, бүгүн окутуу менен тарбиялоонун биримдигине жетишүү бардык окуу предметтердин алкагындагы негизги принцип жана милдет катары ортого чыгып олтурат.
3. Диссертациянын алкагында окуу программасына жаңыдан кирген чыгармалардын мекенчилдикке тарбиялоо потенциалы да орундуу талдоого алынган. Ошону менен бирдикте ал чыгармалар китеп түрүндө массалык тираж менен басылып чыккан эмес. Ошондуктан автор ал чыгармалардын изилдөөнүн идеясына таандык үзүндүлөрү боюнча хрестоматия же тиркеме түзүүнү колго алса жакшы болмок.

   Бирок, аталган кемчиликтер диссертациянын теориялык жана практикалык натыйжаларына олуттуу таасир эте албайт.

10. Изденүүчү Таирова Калбүбү Акматжановнанын «Кыргыз жазуучуларынын көркөм чыгармалары аркылуу окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоо” деген темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика,

педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын диссертациялык изилдөөлөргө коюлуучу талаптарына ылайык келет. Ал эми изденүүчү Таирова Калбүбү Акматжановна 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына татыктуу деп эсептөөгө болот.

**Расмий оппонент:**
**Ош мамлекеттик университетинин**
**педагогика кафедрасынын доценти**
**педагогика илиминин кандидаты** **Тажикова Б.Ш.**

**Б.Ш. Тажикованын колун тастыктайм:**

Ош МУ
Тастыктаймын
20 21 ж. « 15 » 04
Кадрлар бөлүмүнүн башчысы Турдубаева Г.